# АЧЫК КЕЛИШИМ

Сайтты пайдалануу жана лотереялык оюндарга катышуу жөнүндө

## 1. Ушул Келишимде колдонулган терминдер:

Ушул Келишимде колдонулуучу терминдер жана аныктамалар төмөнкү маанини билдирет:

Утуш - лотереянын электрондук лотереялык билетине туура келген, лотереянын шарттарына ылайык уткан деп таанылган Лотереянын катышуучусуна акчалай түрдө төлөнүүчү же натуралай түрдө менчикке берилүүчү байге фондунун бөлүгү.

Маалыматтык ресурстар - www.elloto.kg интернет-сайты жана/же «el loto» мобилдик тиркемеси, алар Колдонуучуга Лотерея оператору менен келишим түзүүгө жана Лотереянын катышуучусу болууга мүмкүнчүлүк берет. Лотерея оператору - «Эллипсис Тех» жоопкерчилиги чектелген коому, www.elloto.kg интернет-сайтынын администратору, ошондой эле «el loto» мобилдик тиркемесинин укук ээси болуп саналат.

Жеке кабинет - Маалыматтык ресурстардагы жекелештирилген бөлүм, ал Маалыматтык ресурстардын жеткиликтүү функцияларын толук көлөмдө пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.

Лотереялык комбинация - лотереяны өткөрүү шарттарында каралган символдордун, анын ичинде жазуулардын, сандардын, белгилердин, сүрөттөрдүн жыйындысы, ал жеңүүчүнү же жеңүүчүлөрдү, утуштун бар-жогун жана өлчөмүн аныктоого мүмкүндүк берет.

Лотереялык коюм - акысы төлөнгөн лотереялык комбинация.

Лотереянын уюштуруучусу - Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиктин алдындагы «Мамлекеттик лотерея компаниясы» мамлекеттик ишканасы.

Лотерея оператору - Лотереянын уюштуруучусу менен түзүлгөн 2026-жылдын 06-февралындагы Кыргыз Республикасында кесиптик лотереяны өткөрүү жана коштоо жөнүндө №1 келишимдин негизинде иш алып барган «Эллипсис Тех» жоопкерчилиги чектелген коому.

Лотереянын байге фонду - лотереяны өткөрүү шарттарында көрсөтүлгөн жана акчалай түрдө белгиленген, утуштарды төлөөгө, өткөрүп берүүгө же берүүгө арналган акча каражаттарынын, мүлктүн же башка кызмат көрсөтүүлөрдүн жыйындысы; ал сатылган электрондук лотереялык билеттер үчүн алынган төлөмдөрдүн эсебинен же Лотерея операторунун өз каражаттарынын эсебинен түзүлөт.

Колдонуучу - 18 жашка толгон, Маалыматтык ресурстарга кирүүнү жүзөгө ашырган же аларды Маалыматтык ресурстарда жана ушул Келишимде каралган ар кандай ыкма менен пайдаланган жеке жак.

Төлөм системасы - Колдонуучу менен Лотерея операторунун ортосунда эсептешүүлөрдү жүргүзүүнү жана накталай эмес формада төлөм операцияларын ишке ашырууну камсыз кылуучу инструменттердин жана ыкмалардын жыйындысы. Ал Лотереянын уюштуруучусунан жана Лотерея операторунан көз карандысыз уюм болуп саналат, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык түзүлгөн юридикалык жак катары тиешелүү келишимдердин негизинде Колдонуучуларга жана Лотерея операторуна кызмат көрсөтөт. Төлөм системасынын кызматтарын пайдаланууга байланыштуу акчалай милдеттенмелердин аткарылбай калуу тобокелдигин ушул Келишимдин аталган кызматтарды пайдаланган Тарабы тартат.

Колдонуучуну каттоо - жеке жактын Жеке кабинет түзүүгө жана Маалыматтык ресурстарда, атап айтканда www.elloto.kg интернет-сайтында жана/же анын мобилдик тиркемесинде Колдонуучу жөнүндө маалымат камтылган профилди толтурууга багытталган аракеттери.

Электрондук лотереялык билетти өткөрүү - лотереяны өткөрүүдө колдонулуучу жеке телекоммуникация каражаттары, анын ичинде телефон, интернет аркылуу Лотереянын катышуучусунун электрондук лотереялык билетин лотереялык маалыматты иштетүү борборунда каттоо.

Лотереянын катышуучусу - 18 жашка толгон, www.elloto.kg интернет-сайтында же анын мобилдик тиркемелеринде катталган жана Лотерея оператору менен түзүлгөн келишимдин негизинде лотереянын байге фондунун ойнотулушуна катышуу укугуна ээ болгон жак.

Электрондук лотерея - лотереялык билеттерди жана башка маалыматтарды белгилөө, эсепке алуу, ошондой эле лотереялык билеттерди ойнотуу маалыматты өз эсинде сактаган же аны лотереялык маалыматты иштетүү борборуна каттоо үчүн өткөрүп берген электрондук түзүлүштөрдүн жардамы менен жүргүзүлүүчү лотерея.

Электрондук лотереялык билет - лотереянын оюн системасы тарабынан белгиленүүчү жеке идентификациялык номер; ал аны сатып алган жактын өткөрүлүп жаткан лотереяга катышуу укугун жана бул электрондук лотереялык билетке утуш чыккан учурда утуш алуу укугун ырастайт.

## 2. Жалпы жоболор

2.1. Ушул Ачык келишим www.elloto.kg интернет-сайтынын администратору жана «el loto» мобилдик тиркемесинин укук ээси болгон «Эллипсис Тех» жоопкерчилиги чектелген коому менен www.elloto.kg сайтынын жана «el loto» мобилдик тиркемесинин Колдонуучусунун, ошондой эле көрсөтүлгөн Маалыматтык ресурстарда жайгаштырылган бардык электрондук лотереялардын Катышуучуларынын ортосундагы мамилелерди жөнгө салат.

2.2. Маалыматтык ресурстарды пайдалана баштаган учурдан тартып Колдонуучу ушул Ачык келишимге кошулган болуп эсептелет жана Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 398-беренесинин жоболоруна ылайык ушул Ачык келишимдин шарттарын толугу менен жана эч кандай шартсыз кабыл алат.

2.3. Маалыматтык ресурстарды пайдалануу дегенде, анын ичинде, бирок алар менен чектелбестен, төмөнкүлөр түшүнүлөт:

- www.elloto.kg интернет-сайтынын домендик аталышы боюнча же анын каалаган баракчасына ар кандай түзүлүштөрдү жана ар кандай программалык камсыздоону колдонуу менен өтүү;
- «el loto» мобилдик тиркемесин каалаган мобилдик тиркемелер дүкөнүнөн жүктөп алуу;
- Маалыматтык ресурстардагы каалаган маалыматты көрүү;
- www.elloto.kg интернет-сайтында же анын мобилдик тиркемелеринде катталуу;
- Жеке кабинетти каттоо.

2.4. Маалыматтык ресурстарды пайдалануу менен Колдонуучу пайдалана баштаганга чейин Ачык келишимдин бардык шарттары менен толук көлөмдө таанышканын, анын бардык жоболорун эч кандай алып салуусуз же чектөөсүз шартсыз кабыл аларын жана аларды сактоого милдеттенерин ырастайт.

2.5. www.elloto.kg интернет-сайтындагы же анын мобилдик тиркемелериндеги каттоо барагында «Ачык келишимдин шарттары менен тааныштым жана кабыл алам» баскычын же башка тилдик версиялардагы ушуга окшош баскычты басуу менен Колдонуучу ушул Ачык келишимдин шарттарын толугу менен жана шартсыз кабыл алат, ошондой эле төмөнкүлөрдү ырастайт:

- 18 жашка толгон жана толук аракетке жөндөмдүү жак болуп саналат;
- Маалыматтык ресурстарды өз атынан аң-сезимдүү пайдаланат жана Маалыматтык ресурстарды пайдаланууда талап кылынган көлөмдө жана учурларда өзү жөнүндө маалыматты анык көрсөтөт;

- браузер тарабынан сакталуучу маалыматты, жеке маалыматтарды, өзүнүн программалык-аппараттык камсыздоосу жана интернет-байланышы жөнүндө маалыматты коргоо боюнча өз каалоолоруна ылайык өзү колдонгон программалык камсыздоонун жөндөөлөрүн аң-сезимдүү аныктаган жана көзөмөлдөйт.

2.6. Колдонуучуга/Лотереянын катышуучусуна Маалыматтык ресурстарды пайдалануу укугун берүүгө байланышкан мамилелерге керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жөнүндө мыйзамдардын жоболору колдонулбайт, эгерде башка келишимдердин алкагында түзүлгөн укуктук мамилелердин мазмунунан башкача келип чыкпаса.

2.7. Колдонуучу Лотерея операторунун ушул Ачык келишимге бир тараптуу тартипте өзгөртүүлөрдү киргизүү укугун тааныйт. Мындай өзгөртүүлөр күчүнө киргенге чейин кеминде 10 календардык күн мурда www.elloto.kg интернет-сайтында электрондук түрдө тиешелүү маалыматты жайгаштыруу аркылуу Колдонуучуга кабарланат.

2.8. Маалыматтык ресурстардын бардык элементтери, анын ичинде дизайн, текст, графикалык сүрөттөр, иллюстрациялар, видео, үндөр жана башка объекттер Оператордун жана Маалыматтык ресурстарда тиешелүү маалыматты мыйзамдуу жайгаштырган башка укук ээлеринин өзгөчө укуктарынын объекттери болуп саналат.

2.9. Маалыматтык ресурстарды пайдалануу дүйнөлүк укук колдонуу практикасында кабыл алынган «кандай болсо, ошондой» («as is») принцибине ылайык жүзөгө ашырылат. Ушул принципке ылайык, Маалыматтык ресурстардын Колдонуучунун бардык талаптарына жооп берерине, үзгүлтүксүз, тез жана катасыз иштешине, ошондой эле Маалыматтык ресурстарды пайдалануунун натыйжалары так жана ишенимдүү болоруна эч кандай кепилдик берилбейт, болжолдонбойт жана каралбайт.

2.10. Маалыматтык ресурстардын функционалы туруктуу негизде толукталып, өзгөртүлүп же жаңыртылып тургандыктан, маалыматтык тейлөөнүн формасы жана мүнөзү Колдонуучуга алдын ала билдирбестен, бир тараптуу тартипте мезгил-мезгили менен өзгөртүлүшү мүмкүн.

2.11. Лотерея оператору өз каалоосу боюнча, алдын ала же кийин кандайдыр бир билдирүү жөнөтпөстөн, Колдонуучунун Маалыматтык ресурстарга толугу менен же алардын каалаган функционалынын бөлүгүнө кирүү мүмкүнчүлүгүн убактылуу же мөөнөтсүз чектөөгө укуктуу.

## 3. Келишимдин предмети

3.1. Лотерея оператору Колдонуучуга www.elloto.kg интернет-сайтында же анын мобилдик тиркемелеринде белгиленген тартипте каттоодон өткөндөн кийин, ушул Ачык келишимдин шарттарын кабыл алып жана Лотерея оператору тарабынан белгиленген баа боюнча лотереялык коюмдун наркын төлөгөн шартта, Лотереянын катышуучусу болуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.

Колдонуучу лотереяга катышуу жана/же электрондук акчаларды пайдалануу Колдонуучу турган юрисдикцияда мыйзамсыз болушу мүмкүн экенин түшүнөт. Колдонуучу ушуга байланыштуу келип чыгуучу бардык тобокелдиктерди өзүнө алат.

3.2. Колдонуучу лотереялык коюмдун наркын төлөгөн учурдан тартып электрондук лотереялык билеттин ээси деп эсептелет.

Бул тууралуу маалымат Колдонуучуга www.elloto.kg интернет-сайтында же анын мобилдик тиркемелеринде электрондук түрдө берилет.

## 4. Сайтта катталуу тартиби

4.1. Электрондук лотереялык билеттерди сатып алуу жана лотереялык билеттердин ойнотулушуна катышуу үчүн Колдонуучу Маалыматтык ресурстарда, атап

айтканда www.elloto.kg интернет-сайтында же анын мобилдик тиркемелеринде катталууга тийиш.

4.2. Колдонуучуну Маалыматтык ресурстарда каттоо ыктыярдуу болуп саналат, Жеке кабинет түзүү жана ага кирүү мүмкүнчүлүгүн берүү үчүн акы алынбайт.

4.3. Маалыматтык ресурстарда катталуу тартиби төмөнкүдөй:

- каттоо формасындагы тиешелүү талаага мобилдик телефондун номерин башындагы нөлсүз жана өлкө коду «+996» көрсөтүлбөстөн киргизүү, мисалы: 700700700;
- Жеке маалыматтарды иштеп чыгуу саясаты менен таанышуу жана Жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдук берүү;
- Ачык келишимдин шарттары менен таанышуу жана аларды шартсыз кабыл алуу;
- код камтылган смс-билдирүүнү алуу жана ал кодду тиешелүү талаага киргизүү аркылуу Колдонуучунун Лотереянын катышуучусу катары катталганын ырастоо;
- жаш курагын ырастоо үчүн документти верификациялоо жол-жобосунан өтүү.

Документ ийгиликтүү верификациялангандан кийин Колдонуучу катталган Колдонуучу катары автоматтык түрдө сайттын башкы барагына кайтарылат.

4.4. Колдонуучу системада катталган түзүлүштөн Жеке кабинетке кийинки кирүүлөрдө кошумча формаларды толтуруу талап кылынбайт. Жеке кабинетке кирүү системага кирген учурда автоматтык түрдө жүзөгө ашырылат. Колдонуучу Жеке кабинетке башка түзүлүштөн кирген учурда смс-билдирүү аркылуу алынган кодду ырастоо талап кылынат.

4.5. Маалыматтык ресурстарда катталууда Колдонуучу өзү жөнүндө актуалдуу, толук жана анык маалыматтарды берүүгө милдеттүү. Болбосо, терс кесепеттердин келип чыгуу тобокелдиги, анын ичинде утушту албай калуу тобокелдиги толугу менен Колдонуучуга жүктөлөт.

4.6. Колдонуучу өзүнүн эсеп жазуусун (Жеке кабинетин) колдонуу менен жүргүзүлгөн бардык аракеттер жана транзакциялар үчүн толук жоопкерчилик тартат. Ошондой эле Колдонуучу өзүнүн күнөөсү же үчүнчү жактардын күнөөсү менен Колдонуучунун эсебинде келип чыккан бардык чыгымдар үчүн толук жоопкерчилик тартат.

4.7. Колдонуучу өзүнүн эсеп жазуусуна (Жеке кабинетине) уруксатсыз кирүү болгон ар кандай учур жана/же коопсуздуктун ар кандай бузулушу жөнүндө Лотерея операторуна токтоосуз билдирүүгө милдеттүү экенине макул болот. Колдонуучу Лотерея операторунун суроо-талабы боюнча мындай уруксатсыз кирүүнүн далилдерин берүүгө макул болот.

4.8. Лотерея оператору эч кандай жагдайда Колдонуучунун Жеке кабинетине башка жактын уруксатсыз (санкцияланбаган) кирүүсүнүн натыйжасында Колдонуучу тарткан кандай гана болбосун зыян үчүн жоопкерчилик тартпайт, мындай аракеттерге Колдонуучу тарабынан уруксат берилген-берилбегенине же алар Колдонуучунун кабары жок жүргүзүлгөнүнө карабастан.

4.9. Колдонуучу өзү көрсөткөн мобилдик телефон номерине Лотерея операторунан каттарды, смс-билдирүүлөрдү жана башка билдирүүлөрдү, анын ичинде жарнамалык мүнөздөгү билдирүүлөрдү алууга макул болот.

Колдонуучу каалаган убакта Операторго тиешелүү билдирүү жөнөтүү аркылуу маалыматтык жана жарнамалык билдирүүлөрдү алуудан баш тартууга укуктуу. Мында макулдукту чакыртып алуу ушул Келишимди аткаруу, сайттын иштешин камсыз кылуу же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын аткаруу үчүн жөнөтүлүшү зарыл болгон билдирүүлөргө таасир этпейт жана мындай чакыртып алуу алынган учурга чейин жүргүзүлгөн жеке маалыматтарды иштетүүнүн мыйзамдуулугуна таасирин тийгизбейт.

4.10. Маалыматтык ресурстарда катталууда көрсөтүлгөн мобилдик телефон номери өзгөртүлүшү мүмкүн эмес, мында:

4.10.1. мобилдик телефон номери жоголгон учурда утушту алуу үчүн Лотереянын катышуучусу байланыш оператору менен түзүлгөн келишимди жана Жеке кабинет катталган жана лотереялык коюмдар жасалган мобилдик телефон номерине Лотереянын катышуучусу ээ болгонун ырастаган башка документтерди берет. Мындай учурда Лотерея оператору аталган Жеке кабинетти бөгөттөйт, бул Лотереянын катышуучусун жаңы мобилдик телефон номерин көрсөтүү менен Жеке кабинет каттоо укугунан ажыратпайт;

4.10.2. мобилдик телефон номери жоголгон учурлар жөнүндө Лотерея операторуна билдирилбеген же өз убагында билдирилбеген учурда Лотереянын катышуучусу мобилдик телефон номеринин жоголушуна жана, тиешелүүлүгүнө жараша, Жеке кабинетке кирүү мүмкүнчүлүгүнүн жоголушуна байланыштуу бардык терс кесепеттерди, анын ичинде лотереялык билеттер боюнча утушту албай калуу тобокелдиктерин өз алдынча тартат. Мындай учурда Лотереянын катышуучусу Лотерея операторуна кандайдыр бир дооматтарды коюуга укуксуз.

4.11. 12 ай катары менен активдүүлүк көрсөтпөгөн Колдонуучулардын Жеке кабинеттери Оператор тарабынан бөгөттөлүшү мүмкүн. Бөгөттөлгөн Жеке кабинетке кирүү мүмкүнчүлүгүн калыбына келтирүү үчүн Колдонуучу кайрадан верификациядан өтүүгө тийиш. 36 ай катары менен активдүү болбогон Жеке кабинеттер Оператор тарабынан өчүрүлүшү мүмкүн.

## 5. Электрондук лотереялык билеттерди сатып алуу тартиби

5.1. Электрондук лотереялык билетти сатып алуу үчүн Колдонуучу өзүнүн Оюн балансына акча каражаттарын киргизүүгө тийиш:

- өзүнүн түзүлүшүнүн экранында «Толуктоо» баскычын басуу;
- Оюн балансын толуктоо суммасын көрсөтүү;
- төлөм ыкмасын тандоо: QR-код аркылуу же жеткиликтүү ыкмалардын бирин (банк картасын, электрондук капчыкты же интерфейсте көрсөтүлгөн башка төлөм ыкмасын) тандоо;
- толуктоо операциясын аяктоо үчүн интерфейсте көрсөтүлгөн нускамаларды аткаруу.

Акча каражаттары Оюн балансына төлөм системасы операцияны иштеткенден жана Уюштуруучу тарабынан ырасталгандан кийин чегерилет жана Колдонуучунун Маалыматтык ресурстардагы (www.elloto.kg интернет-сайтындагы жана/же мобилдик тиркемедеги) Жеке кабинетинде көрсөтүлөт.

5.2. Электрондук лотереялык билетти сатып алуу үчүн Оюн балансына анын наркынан кем эмес сумма которулууга тийиш.

5.3. Колдонуучунун Оюн балансына чегерилген акча каражаттары түздөн-түз анын эсептешүү эсебине чыгарылышы мүмкүн эмес жана алар электрондук лотереялык билеттерди сатып алууга (лотереялык коюмдарды жасоого) гана багытталышы мүмкүн.

## 6. Колдонуучунун лотереяга катышуу шарттары

6.1. Маалыматтык ресурстарды колдонуу менен түзүлүүчү Лотерея оператору менен Лотереянын катышуучусунун ортосундагы келишим ыктыярдуу негизде түзүлөт жана электрондук лотереялык билет менен жол-жоболоштурулат.

6.2. Лотереялык билет лотереялык коюм жасаган Лотереянын катышуучусуна жол-жоболоштурулат. Электрондук лотереялык билет сатып алынганда Лотереянын катышуучусунун Оюн балансы аталган электрондук лотереялык билеттин наркынын суммасына азайтылат.

6.3. Лотереялык билет жөнүндө маалыматтар (атап айтканда билеттин номери, тандалган лотереялык комбинация, билет катышып жаткан лотерея тиражынын байге фондун ойнотуунун датасы жана убактысы жөнүндө маалымат жана башка маалыматтар) Лотереянын катышуучусуна Жеке кабинетте маалыматты жайгаштыруу аркылуу жеткирилет.

6.4. Колдонуучу электрондук лотереялык билет сатып алышы үчүн www.elloto.kg интернет-сайтындагы же анын мобилдик тиркемелериндеги тиешелүү бөлүмдө ар кандай графикалык интерфейстер сунушталат.

6.5. Графикалык интерфейс - бул лотереянын тиешелүү сериясынын эрежелерине ылайык электрондук лотереялык билет сатып алууга, ошондой эле Лотереянын катышуучусу тарабынан электрондук лотереялык билеттин утушка ээ болгонун текшерүү жол-жобосун визуалдаштырууга жана башкарууга арналган баскычтардын жана визуалдык элементтердин жыйындысы.

6.6. Электрондук лотереялык билеттин утушка ээ экендиги тиешелүү лотереяны өткөрүү шарттарына ылайык дароо же тираж ойнотулгандан кийин түздөн-түз аныкталат.

6.7. Ар бир сериядагы электрондук лотереялык билет бир оюндан же бир нече мини-оюндан (оюн талааларынан) турушу мүмкүн. Эгер электрондук лотереялык билет бир оюндан (бир оюн талаасынан) турса, анын утушка ээ экендиги www.elloto.kg интернет-сайтында жана/же анын мобилдик тиркемелериндеги графикалык интерфейстерде көрсөтүлгөн эрежелерге ылайык сандардын, символдордун же тамгалардын дал келиши аркылуу аныкталат. Эгер электрондук лотереялык билет бир нече мини-оюндан (бир нече оюн талаасынан) турса, мындай билет боюнча утуштун жалпы суммасы бардык мини-оюндар боюнча утуштардын суммасынан түзүлөт.

6.8. Лотереянын катышуучусу графикалык интерфейс менен зарыл аракеттерди аткаргандан кийин экранга электрондук лотереялык билеттин утушка ээ болгонун текшерүүнүн жыйынтыгы чыгарылат. Эгерде Лотереянын катышуучусунун электрондук лотереялык билети утушка ээ болсо, экранда утуштун суммасы көрсөтүлөт.

6.9. Утуш Катышуучу тарабынан жаңы электрондук лотереялык билеттерди сатып алууга колдонулушу мүмкүн, ошондой эле жеткиликтүү чыгаруу ыкмаларын колдонуу менен алынышы мүмкүн.

Лотереянын катышуучусу тарабынан «Утушту жаңы билетке алмаштыруу» сервисин колдонуу төмөнкү милдеттенмелер боюнча каршы бир тектүү талаптарды эсепке алуу жана толук токтотуу жөнүндө мындай Лотереянын катышуучусунун билдирүүсү болуп эсептелет:

- «Утушту жаңы билетке алмаштыруу» сервисин колдонууда тандалган минималдуу лотереялык коюмдун наркын төлөө боюнча;
- Лотереянын катышуучусу тарабынан маалыматы берилген уткан лотереялык билет боюнча утушту төлөө боюнча.

Лотереянын катышуучусу тарабынан «Утушту жаңы билетке алмаштыруу» сервисин колдонуу эсепке алынуучу талап укуктарынын өлчөмү бирдей болгон учурда гана мүмкүн.

Лотереянын катышуучусу «Утушту жаңы билетке алмаштыруу» сервисин колдоно ала турган лотереялар Лотерея оператору тарабынан бир тараптуу тартипте белгиленет.

## 7. Акча каражаттарын киргизүү жана утуштарды төлөө тартиби

7.1. Колдонуучу Оюн эсебинде лотереялык коюм жасоо үчүн жетиштүү акча каражаттары болгон учурда лотереяга катышууга укуктуу.

Колдонуучу Оюн балансы банктык эсеп болуп саналбай турганын, демек Оюн балансына банктык эсептерге жана/же аманаттарга карата колдонулуучу кепилдиктер

жана башка коргоо инструменттери (аманаттарды камсыздандыруу, банктык камсыздандыруу, аманаттардагы акча каражаттарын кепилденген тартипте кайтаруу ж.б.), ошондой эле ушул сыяктуу камсыздандыруу системалары жайылтылбай турганын түшүнөт жана буга макул болот. Оюн эсебине жайгаштырылган акча каражаттарына пайыздар эсептелбейт.

7.2. Лотереяга катышуу үчүн акча каражаттарын киргизүү Төлөм системаларын колдонуу менен жүзөгө ашырылат. Лотерея оператору акча каражаттарын киргизүүнүн ыкмаларын жана шарттарын бир тараптуу тартипте өзгөртүүгө же толуктоого укуктуу. Келишимдин шарттарына тиешелүү өзгөртүүлөр www.elloto.kg интернет-сайтында жайгаштырылган учурдан тартып күчүнө кирет.

Колдонуучу Оюн балансына акча каражаттарын киргизүүдө жаңылыш төлөмдөрдү жасоонун бардык тобокелдиктерин өзү тартат.

7.3. Ушул Келишимдин максаттары үчүн акча каражаттарынын Лотерея операторуна келип түшүү учуру болуп тиешелүү сумманын Колдонуучунун Оюн эсебинде чагылдырылган учуру эсептелет.

7.4. Колдонуучуга жеткиликтүү Төлөм системаларын колдонуу менен акча каражаттары киргизилген учурда, Колдонуучунун акча каражаттарын Лотерея операторуна которуу жөнүндө тескемесин өз убагында жана толук аткаруу үчүн тиешелүү Төлөм системасы жоопкерчилик тартат. Колдонуучу менен Төлөм системасынын ортосундагы мамилелер тиешелүү келишим менен жөнгө салынат. Төлөм системаларын колдонуу менен акча каражаттарын жоготуу, толук эмес же өз убагында эмес которуу тобокелдигин толук көлөмдө Колдонуучу тартат. Колдонуучуга акча каражаттары которулган учурда, анын ичинде утуш алуу, транзакцияны талашуу жана ушул сыяктуу учурларда, Лотерея операторунун же Колдонуучунун тескемесин өз убагында жана толук аткаруу үчүн тиешелүү Төлөм системасы жоопкерчилик тартат.

7.5. Лотерея оператору менен Колдонуучунун ортосундагы эсептешүүлөр Кыргыз Республикасынын акча бирдигинде жүзөгө ашырылат.

7.6. Акчалай утуш лотереялык коюм боюнча утуш аныкталгандан же тираж ойнотулгандан кийин дароо Колдонуучунун Оюн балансына которулат жана андан ары коюмдарды жасоо үчүн колдонулушу мүмкүн. Утуштар тиешелүү лотереяны өткөрүү шарттарына ылайык берилет.

7.7. Колдонуучу каалаган убакта Оюн эсебинен утушту чыгаруу жөнүндө суроо-талап бере алат. Акча каражаттарын чыгарууга өтүнмө тариздөөдө Колдонуучу төмөнкү жагдайларды эске алууга тийиш:

7.7.1. 50 эсептик көрсөткүчтөн ашкан өлчөмдөгү утуштарды төлөөдө (ушул Ачык келишим жарыяланган учурга карата - 5000 сомдон жогору), Лотерея оператору Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 53-беренесине ылайык салык агенти катары чыгат жана 10% өлчөмүндөгү киреше салыгынын суммасын кармап калууга жана бюджетке которууга милдеттүү.

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 192-беренесине ылайык киреше салыгын кармап калуу учуру болуп кирешенин суммасы төлөнгөн дата, киреше салык төлөөчүнүн банктардагы эсептерине же анын тапшырмасы боюнча үчүнчү жактардын эсептерине которулган дата эсептелет.

50 эсептик көрсөткүчтөн ашкан утушту алуу үчүн Лотереянын катышуучусу тиешелүү электрондук форманы толтуруу аркылуу Лотерея операторуна аты-жөнүн жана жеке идентификациялык номерин берүүгө тийиш. Лотереянын катышуучусу тарабынан аталган маалыматты берүүдөн баш тартуу жана/же качуу Лотереянын катышуучусунун утушту алуудан баш тартуусу катары таанылат;

7.7.2. Колдонуучунун Жеке кабинетиндеги маалымат толугу менен толтурулган болууга жана сөзсүз түрдө ырасталган телефон номерин камтууга тийиш. Лотерея оператору телефон номеринин жарактуулугун мезгил-мезгили менен текшерүү укугун

өзүндө калтырат. Эгерде Лотерея оператору мурда ырасталган телефон номери боюнча Колдонуучу менен байланыш түзө албаса, анда аталган номер жараксыз деп эсептелет;

7.7.3. акча каражаттары Колдонуучу тарабынан ушул Ачык келишимде белгиленген чектөөлөрдү жана тартипти эске алуу менен интернет-сайтта жеткиликтүү каалаган ыкма аркылуу чыгарылышы мүмкүн.

7.8. Мүлктүк байгелер, ошондой эле 1000 эсептик көрсөткүчтөн ашкан акчалай байгелер Колдонуучунун өздүгү ырасталгандан кийин ага жеке өзү төлөнүшү жана берилиши мүмкүн. Мында Лотерея оператору Колдонуучудан өздүгүн ырастаган документтердин түп нускаларын берүүнү талап кылууга укуктуу.

1000 жана андан көп эсептик көрсөткүч өлчөмүндөгү утуштарды төлөөдө же мүлктүк утушту берүүдө Лотерея оператору Колдонуучуну фото жана/же видео тартууга укуктуу. Мында Колдонуучу алынган фото жана/же видеоматериалдар Лотерея операторунун менчиги болуп саналарына жана Лотерея оператору тарабынан маркетингдик максаттарда колдонулушу мүмкүн экенине өз макулдугун берет.

7.9. Колдонуучу Оюн эсебинен сатып алынган электрондук лотереялык билеттер боюнча утуш катары алынган акча каражаттарын гана чыгарууга укуктуу. Оюн балансын толуктоого жана Оюн эсебинен акча каражаттарын чыгарууга байланышкан чыгымдар, эгерде ушул Ачык келишимде башкача каралбаса, Лотерея операторунун эсебинен жүргүзүлөт.

7.10. Колдонуучу бир чыгаруу операциясынын алкагында 99 000 (токсон тогуз миң) сомдон ашпаган суммадагы акча каражаттарын (утушту) чыгара алат. Бул чектөө акча каражаттарын чыгаруу жүргүзүлүүчү Төлөм системасынын техникалык чектөөлөрүнө жана шарттарына байланыштуу белгиленген жана Лотерея операторунун эркинен көз каранды эмес.

7.11. Бир Колдонуучунун дарегине айына төлөмдөрдүн максималдуу суммасы Лотерея оператору тарабынан мыйзамдардын, банктардын, төлөм системаларынын талаптарын же башка чектөөлөрдү эске алуу менен чектелиши мүмкүн.

7.12. Шектүү же алдамчылык мүнөздөгү акчалай толуктоолор болгон учурда, анын ичинде уурдалган банк карталарын колдонуу жана/же башка ар кандай алдамчылык мүнөздөгү иш-аракеттер, анын ичинде Төлөм системаларынын ортосунда алмашуу максатында акча каражаттарын киргизүү учурларында, Лотерея оператору Колдонуучунун эсебин бөгөттөөгө, жасалган бардык төлөмдөрдү жокко чыгарууга жана бардык утуштарды өндүрүп алууга укуктуу. Лотерея оператору төлөмдөр боюнча алдамчылык фактылары же башка укукка каршы иш-аракеттер жөнүндө укук коргоо органдарына маалымат берүүгө укуктуу. Уюштуруучу жана/же Лотерея оператору эч кандай жагдайда банк карталарынын уруксатсыз колдонулушу үчүн жоопкерчилик тартпайт, банк карталарынын уурдалганы же жоголгону жөнүндө билдирилгенине же билдирилбегенине карабастан.

## 8. Тараптардын милдеттери

8.1. Лотерея оператору Колдонуучуга тиешелүү лотереяны өткөрүү шарттарына жана ушул Ачык келишимге ылайык лотереяга катышуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга милдеттенет.

8.2. Колдонуучу төмөнкүлөргө милдеттенет:

8.2.1. катталууда анык маалыматтарды киргизүүгө жана үчүнчү жактарга өзүнүн Жеке кабинетине кирүү мүмкүнчүлүгүн бербөөгө;

8.2.2. ушул Ачык келишимдин шарттарын сактоого;

8.2.3. купуялуулукту сактоо үчүн бардык зарыл чараларды көрүүгө.

8.3. Колдонуучу төмөнкүлөргө кепилдик берет, ырастайт жана макул болот:

8.3.1. Ал 18 жашка толгон.

8.3.2. Ал Оюн эсебиндеги акча каражаттарынын толук укуктуу ээси болуп саналат. Каттоо процессинде жана/же андан кийинки убакта, анын ичинде акча каражаттарын киргизүүнү талап кылган ар кандай бүтүмдүн алкагында Лотерея операторуна жана Төлөм системаларына берген бардык маалыматтары туура, актуалдуу, так жана акча каражаттарын Колдонуучунун эсебине киргизүү же эсебинен алуу үчүн колдонулуучу кредиттик/дебеттик эсептешүү картасындагы же башка эсептешүү эсептериндеги аты-жөнүнө толугу менен шайкеш келет.

8.3.3. Колдонуучу Оюн балансына киргизген акча каражаттары кылмыштуу жана/же башка мыйзамсыз жол менен алынган эмес.

8.4. Колдонуучу лотереяга катышуу процессинде акча каражаттарын жоготуу тобокелдиги бар экенин толук түшүнөт жана лотереяга катышууга байланыштуу бардык жоготуулар үчүн толук жоопкерчилик тартат. Колдонуучу лотереяга өзүнүн гана ыктыярдуу тандоосу, чечими жана өз тобокелдиги менен катышарына макул болот. Колдонуучу өзүнүн чыгымдарына, жоготууларына жана/же утулуштарына байланыштуу Уюштуруучуга жана/же Лотерея операторуна кандайдыр бир дооматтарды койбойт.

8.5. Колдонуучу Интернет аркылуу лотереяга катышуу боюнча кызматтарды көрсөтүүнүн жалпы ыкмаларын, эрежелерин жана жол-жоболорун толук түшүнөт. Колдонуучу коюмдардын туура жүргүзүлүшү үчүн өзү жоопкерчилик тартарын түшүнөт жана Уюштуруучунун жана/же Лотерея операторунун ишкердик беделине зыян келтириши мүмкүн болгон кандайдыр бир аракеттерди жасабоого милдеттенет.

8.6. Ушул милдеттерге макул болуу менен Колдонуучу Лотерея операторуна Колдонуучунун байланыш маалыматтарын жана Оюн эсеби ага таандык экенин, ошондой эле Колдонуучунун өтүнмөлөрү боюнча акча каражаттарын киргизүү/чыгаруу үчүн Төлөм системалары тарабынан колдонулган эсептерди ырастоо максатында мезгил-мезгили менен текшерүүлөрдү жүргүзүү укугун берет. Мындай текшерүүлөр Лотерея операторунун каалоосу боюнча же үчүнчү жактар, анын ичинде жөнгө салуучу органдар тарабынан талап кылынган учурда жүргүзүлүшү мүмкүн.

8.7. Текшерүүлөр жүргүзүлгөн мезгилде Лотерея оператору Колдонуучунун эсептен акча каражаттарын чыгаруу мүмкүнчүлүгүн убактылуу чектөөгө укуктуу.

8.8. Лотерея оператору Колдонуучу тарабынан берилген жалган, так эмес же адаштыруучу маалыматты аныктаган учурда, Лотерея оператору Колдонуучунун Оюн балансын токтоосуз жабууга жана/же Колдонуучуга лотереяга катышуудан баш тартууга укуктуу, ошондой эле Колдонуучу ушул Ачык келишимдин шарттарын бузгандыгы үчүн өз каалоосу боюнча башка аракеттерди көрүүгө укуктуу.

8.9. Эгерде Колдонуучу 18 жашка толгонун ырастай албаса, Лотерея оператору анын Оюн эсебинин ишин токтото турууга укуктуу. Эгерде Колдонуучу лотереяны өткөрүүгө байланыштуу акчалай операцияларга катышкан учурда анын жашы жол берилген жаштан төмөн болсо, Колдонуучунун Оюн балансы жабылат, ал эми Колдонуучунун эсебиндеги акча каражаттары ага кайтарылып берилет.

8.10. Колдонуучу Оюн балансына акча каражаттарын Колдонуучунун атына катталган эсептен/системадан жана/же банктык төлөм карталарынан гана киргизүүгө милдеттенет.

## 9. Тыюу салынган иш-аракеттер

9.1. Колдонуучунун төмөнкү иш-аракеттерине жол берилбейт жана алар ушул Ачык келишимдин олуттуу бузулушу болуп саналат:

9.1.1. мыйзамсыз аракеттерди, анын ичинде алдамчылыкты колдонуу, зыяндуу программаларды колдонуу, Лотерея операторунун программалык камсыздоосундагы каталарды колдонуу, автоматташтырылган оюнчуларды («ботторду») колдонуу, Оюн

эсебин толуктоодо уурдалган, клондолгон же башка мыйзамсыз жол менен алынган кредиттик же дебеттик карта маалыматтарын колдонуу;

9.1.2. кылмыштуу жол менен алынган кирешелерди легалдаштырууну, террордук ишти каржылоону жана кылмыш-укуктук кесепеттерге алып келүүчү башка ар кандай иш-аракеттерди кошо алганда, ар кандай кылмыштуу ишке катышуу;

9.1.3. лотереяга катышуу учурунда башка Колдонуучу менен кандайдыр бир сүйлөшүп алуу схемасына түздөн-түз же кыйыр түрдө катышуу максатында сүйлөшүп алууга кирүү же кирүүгө аракет кылуу жана/же ниеттенүү.

9.2. Лотерея оператору алдын ала келишип алуу фактыларына жол бербөө, ошондой эле мындай фактыларды жана аларга катышкан жактарды аныктоо үчүн бардык акылга сыярлык чараларды көрүүгө милдеттенет. Мындай жактарга карата тиешелүү чаралар көрүлөт. Лотерея оператору алдын ала келишип алуунун, алдамчылык аракеттердин, башка мыйзамсыз операциялардын же алдоонун натыйжасында Колдонуучулар тарткан ар кандай жоготуулар же зыян үчүн жоопкерчилик тартпайт.

9.3. Лотерея оператору www.elloto.kg интернет-сайтын колдонууда жана лотереяга катышууда төмөнкү эрежелерди да белгилейт:

- кемсинтүүчү же агрессивдүү баарлашуу манерасын колдонууга, уят сөздөрдү, коркутууларды, кемсинтүүлөрдү же Колдонуучуларга жана Лотерея операторунун кызматкерлерине карата зомбулук аракеттерин колдонууга тыюу салынат;
- www.elloto.kg интернет-сайтын жана анын мобилдик тиркемелерин жеке көңүл ачуу максаттарында гана колдонууга уруксат берилет;
- www.elloto.kg интернет-сайтын жана анын мобилдик тиркемелерин же алардын каалаган бөлүгүн коммерциялык максаттарда колдонууга, анын ичинде Лотерея операторунун алдын ала жазуу жүзүндөгү макулдугун албай туруп көчүрүүгө, жайылтууга, өзгөртүүгө тыюу салынат;
- Лотерея операторунун коопсуздук системасын бузууга, бузууга аракет кылууга жана/же ага кирүүгө же башкача жол менен айланып өтүүгө тыюу салынат.

Колдонуучу тарабынан укукка каршы аракеттер жасалганына шек жаралган учурда, Лотерея оператору Колдонуучуга www.elloto.kg интернет-сайтынын жана анын мобилдик тиркемелеринин функционалына кирүүгө тыюу салууга, анын Оюн балансын бөгөттөөгө укуктуу. Лотерея оператору ошондой эле бузуу же бузууга аракет кылуу жөнүндө укук коргоо органдарына маалымат берүү укугун өзүндө калтырат.

9.4. Лотерея оператору www.elloto.kg интернет-сайтын жана/же анын мобилдик тиркемелерин пайдаланууда жана/же каалаган материалдарды жүктөөдө, жана/же www.elloto.kg интернет-сайтында жана/же анын мобилдик тиркемелеринде жайгашкан каалаган шилтемелерди колдонууда чабуулдар, вирустар же башка технологиялык жактан зыяндуу материалдар менен шартталган маалыматтык технология каражаттарынын мүчүлүштүктөрүнүн натыйжасында Колдонуучу же үчүнчү жак тарткан жоготуулар же чыгымдар үчүн жоопкерчилик тартпайт.

9.5. Лотерея оператору Колдонуучу сатып алган электрондук лотереялык билеттерди текшерүүгө укуктуу. Эгерде текшерүү учурунда Колдонуучу алдамчылык мүнөздөгү аракеттерди, ошондой эле www.elloto.kg интернет-сайтындагы жана/же анын мобилдик тиркемелериндеги аялуу жерлерди жана/же каталарды пайдалануу аркылуу артыкчылык алууга багытталган аракеттерди жасаганы аныкталса, Лотерея оператору Колдонуучунун лотерея ресурстарына кирүү мүмкүнчүлүгүн чектөө жөнүндө чечим кабыл алышы, ошондой эле Колдонуучунун аккаунтун (Жеке кабинетин) убактылуу же туруктуу бөгөттөшү мүмкүн. Мындай учурда балансты төлөп берүү жөнүндө чечим Лотерея оператору тарабынан бир тараптуу тартипте кабыл алынат.

## 10. Тараптардын жоопкерчилиги

10.1. Лотерея оператору жана Колдонуучу ушул Ачык келишимдин шарттарын сактабагандыктын натыйжасында келип чыккан чыгымдар үчүн жоопкерчилик тартышат, ушул Келишимде түздөн-түз каралган учурларды кошпогондо.

10.2. Тараптар ушул Ачык келишим боюнча милдеттенмелерди аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн жоопкерчиликтен бошотулат, эгерде мындай аткарбоо же талаптагыдай эмес аткаруу ал жеткис күч жагдайларынын, башкача айтканда, Тараптар алдын ала көрө албаган же алдын ала албай турган өзгөчө мүнөздөгү окуялардын келип чыгышынын натыйжасы болсо (форс-мажордук жагдайлар).

Мындай жагдайларга, атап айтканда, согуш аракеттери, иш таштоолор, табигый кырсыктар, эпидемиялар, өрттөр, мамлекеттик органдардын актылары жана иш-аракеттери, ошондой эле ушул Келишим боюнча милдеттенмелерди аткарууну мүмкүн эмес кылган үчүнчү жактардын укукка каршы иш-аракеттери кирет.

10.3. Лотерея оператору ушул Келишим боюнча милдеттенмелерди аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн жоопкерчиликтен бошотулат, эгерде мындай аткарбоо же талаптагыдай эмес аткаруу Колдонуучулар менен өз ара аракеттенүү үчүн колдонулган байланыш каналдарынын жана тармактарынын иши токтотулушунун же токтото турулушунун натыйжасы болсо.

10.4. Ушул Ачык келишимдин 8.3.1-8.3.3-пункттарында көрсөтүлгөн милдеттенмелер бузулган учурда Колдонуучу мындай бузууларга байланыштуу Оператордун чыгымдарынын ордун толук көлөмдө толтурууга милдеттенет.

## 11. Дооматтар жана талаштарды кароо

11.1. Лотереянын сериясынын утуштуу электрондук лотереялык билеттеринин ээлеринин дооматтары аталган электрондук лотерея сериясынын коюмдарын сатуу аяктаган күндөн, тираждык лотереянын ойнотулушу жана утуштун аныкталышы жүргүзүлгөн күндөн тартып 6 ай өткөндөн кийин кабыл алынбайт.

11.2. Ушул Келишимди аткарууда же ага байланыштуу келип чыккан бардык пикир келишпестиктер Тараптардын ортосунда сүйлөшүүлөр жана консультациялар жолу менен чечилет.

11.3. Эгерде талаш сүйлөшүүлөр жолу менен чечилбесе, Тараптардын ар бири өз укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо үчүн сотко кайрылууга укуктуу.

11.4. Ушул Келишимдин Тараптары талаштарды сотко чейинки (дооматтык) тартипте жөнгө салуу тартибин сактоо милдеттүү экенин тааныйт. Дооматтар Тараптар тарабынан жазуу жүзүндө почта жөнөтмөлөрү аркылуу жөнөтүлөт.

11.5. Дооматты канааттандыруудан баш тартылган учурда же доомат жөнөтүлгөн учурдан тартып бир айдын ичинде жазуу жүзүндөгү жооп алынбаган учурда, Тарап Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык талашты соттун кароосуна өткөрүп берүүгө укуктуу.

11.6. Ушул Келишимден келип чыгуучу талаштардын соттук караштуулугу Лотерея операторунун жайгашкан жери боюнча аныкталат.

## 12. Корутунду жоболор

12.1. Лотерея оператору Колдонуучуга алдын ала билдирбестен жана аны менен макулдашпастан ушул Ачык келишимди бир тараптуу тартипте өзгөртүүгө же анын колдонулушун толугу менен же бөлүгүндө токтотууга укуктуу. Мында Ачык келишимдин жаңы редакциясы, эгерде Ачык келишимдин жаңы редакциясында башкача каралбаса, www.elloto.kg сайтында Интернет тармагында жайгаштырылган учурдан тартып күчүнө кирет.

12.2. Ачык келишимдин жаңы редакциясы Колдонуучу менен болгон мамилелерге ал Маалыматтык ресурстарда жарыяланган учурдан тартып колдонулат, эгерде Лотерея оператору тарабынан башка мөөнөт белгиленбесе.

12.3. Колдонуучу Ачык келишимдеги өзгөртүүлөрдү өз алдынча көзөмөлдөөгө тийиш. Ачык келишимдин жаңы редакциясына макул болбогон учурда Колдонуучу Маалыматтык ресурстарды пайдаланууну токтотууга укуктуу.

**Лотерея оператору:**
«Эллипсис Тех» жоопкерчилиги чектелген коому
каттоо номери: 323709-3301-ООО, ИСН 01912202510280.
Юридикалык дареги: Бишкек шаары, Свердлов району, Гоголь көчөсү, 28, 2-кеңсе,
эсептешүү эсеби: 1240020002296680, «Бакай Банк» ААК, БИК 124012.